КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
СУУ РЕСУРСТАРЫ, АЙЫЛ ЧАРБА
ЖАНА КАЙРА ИШТЕТҮҮ
ӨНӨР ЖАЙЫ
МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ

ИЧҮҮЧҮ СУУ МЕНЕН КАМСЫЗДООНУ
ЖАНА САРКЫНДЫ СУУЛАРДЫ
ЧЫГАРУУНУ ӨНҮКТҮРҮҮ
ДЕПАРТАМЕНТИ

720001, Бишкек шаары, Киев к, 96а
тел. 0 312 31-72-45, E-mail: drpv00@mail.ru
Расчеттук эсеп №4402041101034067
Свердлов РКБ
БИК 440204, ОКПО 31838501
ИНН 01004202310435

ДЕПАРТАМЕНТ РАЗВИТИЯ
ПИТЬЕВОГО ВОДОСНАБЖЕНИЯ И
ВОДООТВЕДЕНИЯ

ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ВОДНЫХ
РЕСУРСОВ, СЕЛЬСКОГО ХОЗЯЙСТВА
И ПЕРЕРАБАТЫВАЮЩЕЙ
ПРОМЫШЛЕННОСТИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

720001, г. Бишкек, ул.Киевская, 96а
тел. 0 312 31-72-45, E-mail: drpv00@mail.ru
Расчетный счет №4402041101034067
Свердловский РОК
БИК 440204, ОКПО 31838501
ИНН 01004202310435

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

28.05.2026ж № 07-1/9.

**Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин алдындагы Ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү департаментинин Долбоорду ишке ашыруу тобунун тарабынан борбордук деңгээлде ишке ашырылып жаткан "Суу менен камсыздоого жана санитарияга жалпы жеткиликтүүлүк" программасынан таасирине кирген жарандардын кайрылууларын кароо боюнча комиссия түзүү жөнүндө**

Мамлекеттик бийлик органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын координацияланган өз ара аракеттенишин камсыз кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарбасы жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин алдындагы Ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү департаментинин алдындагы Долбоорду ишке ашыруу тобунун (мындан ары - ДИАТ) тарабынан ишке ашырылып жаткан Суу менен камсыздоого жана санитарияга жалпы жеткиликтүүлүк программасынын (мындан ары - Программа) таасирине кирген жарандардын кайрылууларын өз убагында кароо максатында, Кыргыз Республикасынын 2007-жылдын 4-майындагы № 67 "Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө" Мыйзамына, Коргоо чаралары боюнча саясат жөнүндө жобого жана суу менен камсыздоо жана санитария долбоорлорун ишке ашырууну жөнгө салуучу донордук уюмдардын алкактык документтерине ылайык, төмөнкүлөрдү **буйрук кылам:**

1. Программаны ишке ашыруу учурунда келип чыккан экологиялык, социалдык, гендердик жана башка маселелерди чечүү максатында жарандардын кайрылууларын кароо үчүн борбордук деңгээлде комиссия түзүү (1-тиркеме);
2. Программанын алкагында таасир этүүгө тийиш болгон арыздарды кароо боюнча комиссия жөнүндө жобо бекитилсин (2-тиркеме).
3. Комиссия кайрылуулардын өз убагында каралышын жана тиешелүү чараларды жана чечимдерди кабыл алууну камсыз кылсын.
4. “Тунук Суу” ДИАТ директоруна (Муктаров А.К.) Чүй, Ысык-Көл жана Ош облустарынын тиешелүү райондорунун аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары тарабынан жарандардын кайрылууларын райондук деңгээлде кароо боюнча комиссияларды түзүү жөнүндө буйруктарды даярдоого жана чыгарууга контролду камсыз кылсын.
5. Бул буйруктун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

**Директор** **З.Р. Каратаев**

Макулдашылган
ИСКССЧӨД ДИАТ директору А.К. Муктаров

2026-ж «28» 05
№07-1/9
ИСУССӨД буйругуна
1-Тиркеме

**Жарандардын кайрылууларын борбордук деңгээлде кароо боюнча комиссиянын курамы:**

1. Кыргыз Республикасынын суу ресурстары, Айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлигинин алдындагы Ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү департаментинин (ИСКССЧӨД) директору- Комиссиянын төрагасы;
2. ИСКССЧӨД суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу башкармалыгынын начальниги - комиссиянын теңтөрагасы;
3. Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин өкүлү;
4. Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстар, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин башкармалыгынын өкүлү (макулдашуу боюнча);
5. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаментинин өкүлү (макулдашуу боюнча);
6. Долбоорлорду ишке ашыруу тобунун директору;
7. Долбоорлорду ишке ашыруу тобунун айлана-чөйрөнү коргоо боюнча адис;
8. Долбоорлорду ишке ашыруу тобунун социалдык коопсуздук чаралар боюнча адис.

2026-ж «28» 05
№07-1/9
ИСУССӨД буйругуна
2-Тиркеме

Кыргыз Республикасынын суу ресурстары, Айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлигинин алдындагы Ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү департаментинин долбоорлорун ишке ашыруу тобунун

"суу менен камсыздоого жана санитарияга жалпы жеткиликтүүлүк" программасынын жарандардын кайрылууларын кароо боюнча комиссия жөнүндө

**ЖОБО**

**1-Бөлүм. Жалпы жоболор**

1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын суу ресурстары, Айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлигинин алдындагы Ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү департаментинин (мындан ары – ИСКССЧӨД) долбоорлорун ишке ашыруу тобунун ишке ашырган "суу менен камсыздоого жана санитарияга жалпы жеткиликтүүлүк" программасынын (мындан ары – Программа) таасирине туш келген жарандардын кайрылууларын кароо боюнча борбордук деңгээлдеги комиссиянын (мындан ары – Комиссия) ишинин тартибин жана уюштурулушун регламенттейт.

2. Комиссия өз ишин мезгилдүү негизде, коомдук башталышта жүзөгө ашыруучу коллегиалдуу орган болуп саналат.

3. Комиссия өз ишинде Кыргыз Республикасынын 2007-жылдын 4-майындагы №67 "Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө" Мыйзамын, жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик-укуктук актыларын, ошондой эле донор уюмдардын коргоо чаралары саясаты жөнүндө жоболорду, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерди жана ушул Жобону жетекчиликке алат.

**2-Бөлүм. Комиссиянын максаты жана милдети**

4. Комиссиянын ишинин максаты болуп жарандын – программанын таасирине кабылган адамдын кайрылуусуна толук жана өз убагында жооп берүү саналат.

5. Комиссиянын милдети Программаны ишке ашыруу мезгилинде таасир этүүгө туура келген экологиялык, социалдык жана гендердик маселелерге тиешелүү жарандардын кайрылууларын өз убагында, объективдүү кароо болуп саналат.

**3-Бөлүм. Борбордук деңгээлде комиссиянын курамын түзүү**

6. Борбордук деңгээлдеги Комиссиянын курамына төмөнкүлөр кирет:

- Кыргыз Республикасынын суу ресурстары, Айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлигинин алдындагы Ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү департаментинин (ИСКССЧӨД) директору-Комиссиянын төрагасы;
- ИСКССЧӨД ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу бөлүмүнүн башчысы-комиссиянын тең төрагасы;

- Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин өкүлү;
- Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстар, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин башкармалыгынын өкүлү (макулдашуу боюнча);
- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаментинин өкүлү (макулдашуу боюнча);
- Долбоорлорду ишке ашыруу тобунун директору;
- Долбоорлорду ишке ашыруу тобунун айлана-чөйрөнү коргоо боюнча адис;
- Долбоорлорду ишке ашыруу тобунун социалдык коопсуздук чаралар боюнча адис.

**4- Бөлүм. Комиссиянын Иш-Милдеттери**

7. Жүктөлгөн милдеттерди чечүү үчүн Комиссия төмөнкү функцияларды ишке ашырат:

- Программанын таасирине туура келген жарандардын кайрылууларын, анын ичинде экологиялык, социалдык, гендердик жана башка маселелерди карайт;
- Комиссия кабыл алган чечимдердин аткарылышына мониторинг жүргүзөт.

8. Комиссиянын төрагасы төмөнкүдөй функцияларды аткарат:

- Комиссиянын отурумунун күн тартибин бекитет;
- Комиссиянын отурумунун күнүн, убактысын жана ордун дайындайт;
- Комиссиянын жыйналышына төрагалык кылат жана анын ишин уюштурат;
- Комиссиянын жыйналышында добуш берүүдө чечүүчү добуш укугуна ээ;
- Комиссиянын чечимдеринин аткарылышын контролдойт.

**5-Бөлүм. Комиссиянын Укуктары**

9. Комиссия төмөнкүлөргө укуктуу:

- Кайрылуулардын келип түшүшүнө жараша отурум өткөрүү;
- Комиссиянын кароосуна келип түшкөн кайрылуулар боюнча материалдарды (документтерди) текшерүүгө;
- Уюштуруу-укуктук формаларына жана менчигинин түрүнө карабастан мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан жана уюмдардан белгиленген тартипте маалымат суроого жана алууга;
- Зарыл болгон учурда Комиссиянын жыйынына мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жарандык коомдун өкүлдөрүн, ошондой эле кайрылуу менен кайрылган жарандарды чакырууга.

10. Комиссиянын мүчөлөрү төмөнкүлөргө укуктуу:

- кызыкчылыктардын кагылышына алып келген жагдайлар белгилүү болгондо, өздөрүнөн баш тартууга же Комиссиянын төрагасына Комиссиянын бир же бир нече мүчөсүнөн баш тартууга негиз болгон жагдайлар жөнүндө билдирүүгө;
- апелляцияларды кароого катышкан адамдар же башка кызыкдар тараптар тарабынан Комиссиянын ишинин жыйынтыгына таасир этүү аракеттери жөнүндө Комиссиянын төрагасына билдирүүгө.

**6-Бөлүм. Комиссиянын ишин уюштуруу жана кайрылууларды кароо жол-жобосу**

11. Комиссия өз ишин жыйналыш формасында жүргүзөт.

12. Эгерде жыйындарына Комиссиянын жарымынан өйдө мүчөлөрү жана мүчөлөр алмаштыруу укугусуз катышса, Комиссиянын жыйыны ыйгарым укуктуу деп эсептелет.

13. Комиссиянын жыйналышында төрага жок болгон учурда Комиссиянын төрагасынын орун басары өткөрөт.

14. Комиссиянын жыйынында кворум жок болгон учурда же талаш маселени чечүү үчүн кошумча материалдарды талап кылуу же башка чараларды көрүү зарыл болсо, Комиссиянын кайрылууларын кароо мөөнөттөрү демейдегиден башкача тартипте узартылышы мүмкүн, бирок ал 30 календардык күндөн ашпайт.

15. Комиссиянын чечими ачык добуш берүү менен кабыл алынат жана эгерде Комиссиянын катышкан мүчөлөрүнүн көпчүлүгү добуш берсе, кабыл алынды деп эсептелет.

16. Комиссиянын жыйынында протокол жүргүзүлөт.

17. Комиссия арызды кароонун жыйынтыктары жана ал боюнча кабыл алынган чечим жөнүндө жарандарга жазуу жүзүндө же электрондук байланыш аркылуу кабарлоого милдеттүү.

18. Арыз ээсинин кайрылуусу боюнча чечим кабыл алынгандан кийин, Комиссия арыз ээсинин Комиссиянын чечимине канааттануусун баалоо үчүн ага кайрылууга милдеттүү, атап айтканда:
• апелляцияны толук же жарым-жартылай канааттандыруу жөнүндө;
• апелляцияны канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө;

- кайрылууну толук же жарым-жартылай канааттандыруу жөнүндө;
- кайрылууну канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө;

19. Жарандардын кайрылууларын кароо механизми:

| **Кадам** | **Аракет деңгээли** | **Процесси** | **Мөөнөт** |
|---|---|---|---|
| 1 | Айылдын суу комитетинин (АСК) деңгээлиндеги суб-долбоордун чечими | Баштапкы этапта АСК арыз ээсин угуп жана алгылыктуу чечимдерди сунуштайт. Эгерде арыз ээси АСКнын чечимине канааттанбаса, ал даттанууну жазуу түрүндө жергиликтүү кайрылууларды кароо комиссиясына берет. | 2-3 жумушчу күн |
| 2 | Айыл өкмөтүнүн деңгээлиндеги чечим | Арыз ээсинен жазуу жүзүндөгү кайрылуу алынгандан кийин ак комиссиясы жергиликтүү деңгээлде кайрылууга талдоо жүргүзөт жана документтердин пакетин даярдайт. Комиссия мүчөлөрүнүн көпчүлүгүнүн чечими акыркы болуп эсептелет жана финалдык протоколго кол коюлат. Чечим 14 жумушчу күндүн ичинде | 14 жумушчу күн |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Комиссиянын чечиминин корутундусун арыз ээсине жөнөтүү менен чыгарылат. Эгерде арыз ээси комиссиянын чечимине канааттанбаса, ал жергиликтүү деңгээлде алынган корутундусу жана көмөкчү документтери менен борбордук деңгээлдеги комиссияга жазуу жүзүндө кайрылуу жасайт | |
| 3 | Борбордук деңгээлдеги чечим | Арыз ээсинен жазуу жүзүндөгү кайрылуу алынгандан кийин комиссия борбордук деңгээлде кайрылуунун документтеринин пакетин карап чыгат жана даярдайт. Расмий угуу комиссиянын мүчөлөрү менен макулдашылган күнү өткөрүлөт. Комиссиянын мүчөлөрү арыз ээси менен телефон аркылуу байланышат жана фактыларды объективдүү баалоону текшерүү жана зарыл болгон учурда алардын аныктыгын текшерүү үчүн арыз ээсинин жамаатына барууну уюштурат.<br>Кайрылуу берилгенден кийин 14 жумушчу күндүн ичинде Комиссия чечим чыгарат жана арыз ээсине андан ары берүү үчүн акыркы протоколго кол коюлат. | 14 жумушчу күн |

Жарандардын кайрылууларын
борбордук деңгээлде кароо боюнча
Комиссия жөнүндө жобого тиркеме

**Кыргыз Республикасынын 2007-жылдын 4 майынын №67 "Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө" Мыйзамына ылайык жарандардын кайрылууларын кароо мөөнөтторүнө тиешелүү негизги пункттар**

**8-статья. Жазуу жүзүндөгү (электрондук) кайрылууну кароонун мөөнөттөрү**

1. Жазуу жүзүндөгү (электрондук) кайрылуу мамлекеттик органга, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органына же кайрылууда коюлган маселелерди чечүү компетенциясына кирген кызмат адамына келип түшкөн учурдан тартып бир жумушчу күндүн ичинде милдеттүү түрдө катталууга тийиш.

2. Мамлекеттик органга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына же компетенцияларына ылайык кызмат адамына келип түшкөн жазуу жүзүндөгү (электрондук) кайрылуу жазуу жүзүндөгү (электрондук) кайрылуу катталган күндөн тартып 14 жумушчу күндүн ичинде каралат.

3. Жарандын кайрылуусун чечүү үчүн атайын текшерүүлөрдү (экспертизаларды) жүргүзүү, кошумча материалдарды суратып алуу же болбосо башка чараларды көрүү зарыл болгон учурларда даттануулары чечүү мөөнөттөрү демейдегиден башкача тартипте узартылышы мүмкүн, бирок ал 30 календардык күндөн ашпайт. Бул жөнүндөгү чечим мамлекеттик органдын же жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын жетекчиси, кызмат адамы же болбосо ага ыйгарым укук берилген адам тарабынан кабыл алынат жана арыз ээсине жазуу жүзүндө (электрондук) билдирилет.

4. Жазуу жүзүндөгү (электрондук) кайрылууда коюлган маселелерди чечүү бир нече мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын же кызмат адамдарынын компетенциясына тиешелүү болгон учурда кайрылуунун көчүрмөсү катталган күндөн тартып беш жумушчу күндүн ичинде тийиштүү мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына же тийиштүү кызмат адамдарына жөнөтүлөт.

**9-статья. Жарандардын жазуу жүзүндө келип түшкөн кайрылууларын кароо тартиби**

3. Жарандардын кайрылуулары мамлекеттик органдын же жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын жетекчисинин өзү тарабынан каралат. Аларды андан ары кароонун тартиби жетекчи тарабынан белгиленет.

8. Жарандын аты-жөнү жана жооп жөнөтүлүүгө тийиш болгон почта дареги көрсөтүлбөгөн жазуу жүзүндөгү кайрылуусу тоголок кат деп таанылат жана каралууга жатпайт.

**10-статья. Кайра кайрылуулар**

1. Жаңы ачылган жагдайлар (б.а. кайрылуу берилген учурда арызданууучуга белгисиз болгон жана белгилүү болушу мүмкүн болбогон жагдайлар) болбогон кайра кайрылуулар (оозеки, жазуу жүзүндөгү же электрондук) каралууга тийиш эмес. Жаңы ачылган жагдайлар ушул Мыйзамда каралган тартипте каралууга тийиш.

2. Эгерде жаран кайрылуунун кароонун жыйынтыгы боюнча алынган чечимге канааттанбаса, ал чечимге соттук тартипте даттанууга укуктуу.